# Кызыл-Кыя шаарынын Токтогул атындагы №6 орто мектебинин социалдык педагогдун 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иш мерчеминин жылдык отчету

## Кызыл-Кыя шаарынын Токтогул атындагы №6 орто мектебинин социалдык педагогунун 2021-2022-окуу жылындагы "Инсандын руханий – адеп –ахлахтык өнүгүүсү жана дене тарбиясы " жөнүндөгү жарлыгын аткаруу максатында өткөрүлгөн иш-чаралардын жылдык жазма маалыматы

**Социалдык педагогдун максаттары** : Мектепте окуп билим алып жаткан окуучулардын үй бүлөдө, ар кандай чөйрөдө,толук кандуу өнүгүшүнө, социалдашуусуна, өзүн аныктоосуна, кесиптик калыптануусуна шарттарды түзүү менен байланыш өнүгүшүнө жагымдуу чөйрөнү түзүү.

**Социалдык педагогдун милдеттери:** Жаш өспүрүмдөргө карата зомбулуктун социалдык жүрүм - турумдун мектеп жашындагы окуучулардын кароосуз калуусун жана өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу.

-Ата -энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга өз милдеттерине аң-сезимдүү мамилесин калыптандырууга, балдардын ата-энелери менен баарлашууда пайда болгон көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүү .

- Опурталдуу кырдаалга кабылган балдардын жүрүм – турумуна жана окуусуна жардам берүү.

**1.Окуучулардын социалдык абалы.**

| № | Соц абалдын аталыштары | Саны | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын жалпы саны | 876 | уул-435 | кыз-444 |
| | | 1-4 кл 340 ок | уул-167 | кыз-173 |
| | | 5-9 кл 480 ок | уул- 248 | кыз-232 |
| | | 10-11кл 56 ок. | уул-20. | кыз-36 |
| 2 | Шаардык опурталдуу топто | 0 | | |
| 3 | Мектеп ичиндеги опурталдуу тотпто | 2 | | |
| 4 | Көп балалуу үй-бүлөнүн балдары | 109 | | |
| 5 | Багып алган окуучулар | 0 | | |
| 6 | Жалгыз бой энелер | 28 | | |
| 7 | Тоголок жетимдер | 0 | | |
| 8 | Жарым жетимдер | 20 | | |
| 9 | Ата-энеси чет өлкөдө иштеп жүргөн ата-энелердин балдары(Миграция) | 87 | | |
| 10 | Аз камсыз үй бүлөнүн балдары | 13 | | |
| 11 | Этникалык кыргыздар | 66 | | |
| 12 | Ата-энеси ажырашкан окуучулар | 80 | | |
| 13 | Ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 3 | | |

| | | |
|---|---|---|
| 14 | Туулгандыгы тууралу күбөлүгү жок окуучулар | 0 |
| 15 | Хиджап кийген окуучулар | 32 |

**2.Токтогул атындагы № 6 орто мектебинин туулгандыгы тууралуу күбөлүк албай калган окуучулар быйылкы окуу жылы болгон жок.**

**3 .Оор турмушка кабылган балдар менен иштөө багыты.**

| № | Окуучунун аты,жөнү | Кл | Туулган жылы | Дареги | Себеби |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тешебаев Нурбек | 8-а | 10.02.2004. | Жусубалиев 190-2 | Ата-энеси ажырашкан |
| 2 | Улукманаким кызы Тамара | 8-б | 16.04.2006 | Маяковский 4-5 | Ата-энеси ажырашкан апасы оорукчан. |

Оор турмушка кабылган балдар менен мугаламдер жана класс жетекчилер тыгыз байланышта туруп иштеп жатышат.

Атап айтсак Тешебаев ата-энеси ажырашкандыгына байланыштуу, эки жактын тең баланы караганга жоопкерчилиги болбогондугуна байланыштуу, туруктуу жашаган үйү жок. Азыркы учурда класс жетекчиси тынбай сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, апасынын колуна барып, жашап жатат жана апасы тарбиялап баланын жашоосу бираз жакшыланды.Келерки жаңы окуу жылында бул окуучунун ата-энеси менен дагы да тыгыз байланышып,окуучунун коомдогу жана окуучулар арасындагы ордун жакшыртууну алдыга максат койдук.

- 8-б классынын окуучусу Улукманаким кызы Тамара жалгыз эне тарбиялайт. Бул окуучунун үйүнө бир канча жолу ИДН кызматкерлери менен биргеликте жашоосу менен таанышып,апасы менен Тамаранын окууга баруусун камсыздоону түшүндүрүп келдик.Мектеп тарабынан чогултулган ар кандай «Досума жардам» акцияларында жакындан жардам берип келебиз.Тилекке каршы апасы кыргызстан жараны болбогондуктан окуучуну окууга камсыздоодо кыйналат. Ошондуктан Тамара кээ бирки учурларда ар кандай ашканаларга барып, апасыга жардам берет.Үйүндө көп пикир келишпестиктер болгондугуна байланыштуу үй жумуштарын, инилерин карап сабак аткарууга убактысы жоктугун айтат. Тамаранын апасы менен түшүндүрүү иштери жүргүзүү учурунда үй тапшырмаларына убакыт ажыратып берүүсүн ошондой эле сабактан кийин мектеп ичиндеги бий кружокторго катыштырып, окуучуну коомдон, окуудан калтырбастыгын жетекчиси түшүндүрүп келет. Жыл аягында Тамара бий кружогуна катышып келди.




**4.Тобокел тобунда каттоодо турган окуучулар менен иштөө багыты:**

| № | Аты жөнү | Классы | Соц абалы | Туулган жылы,айы | Жашаган дареги |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Махамадюнусов Акмал | 8-б | Жарым жетим(чоң атасы менен жашйт) | 26.09.2007 | Маяковская №4 |
| 2 | Мурзакулова Айымгул | 9-б | Ажырашкан үй бүлө (апасы менен ) | 12.04.2006 | Масалиева 12-4 |


Мектеп ичинде тобокел тобунда каттодо турган окуучулардын саны 2 окуучу.Бул окуучулар сабактарды көп калтырган, тартиби начар болгондуктан мектептин коомдук кеңешинин чечими менен мектептин учётуна алынды. Бул окуучулардын ата-энелери менен биргеликте түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, мектеп ичиндеги волейбол ,бий кружокторго тартылды.

Мурзакулова Айымгул бий кружогуна катышып ар кандай конкурстарга өзүнүн өнөрүн жарым жыл бою көрсөттү.Окуу жыл аягында ден соолугуна байланыштуу Россия мамлекетине дарылануга апасы менен биргеликте врачтардын тастыктоосу менен кетти. Ал эми Махаматюнусов Акмал шаардык ИДН учотунда да турат.Акмал шаардагы Газпром спорттук комплекстеги күрөш кружогуна катышып жатат. Бул үч окуучуну класс жетекчилердин арызынын негизинде мектеп учетунун көзөмөлүндө туруусу сунушталды

Мектеп каттоосундагы окуучулардын үйлөрүнө рейд ай сайын жүргүзүлдү.








**5.Рейддер**

| № | Окуучунун соц абалы | Окуучунун саны | Жыл ичиндеги рейдкке чыгуу саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектеп ичиндеги каттоодо турган окуучулар | 3 | 10 |
| 3 | Ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 3 | 3 |
| 4 | Сабакты себепсиз көп калтырган окуучулар | 4 | 6 |

Сабактарга себепсиз келбеген окуучулар менен класс жетекчилер,соц педагог менен биргеликте , үйлөрүнө барып, ата-энелери менен байланышта болуп окуучуларды сабактан калтырбоо жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп келүүдө. Мектеп ичинде сабакты көп калтырган окуучу 8-б класстын окуучусу Кудайбергенова Тамарага рейт учурунда ата-энеси менен бир канча жолу түшүндүрүү иштери алып барылды (1-сүрөт).9-б класстын окуучусу Мурзакулова Айымгүл сабактарды үй –бүлөлүк себептерге байланыштуу көп калтырат .Ошандуктан жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектор Калматов Т жана мектептин тарбия завучу ,окуу бөлүмүнүн башчысы менен биргеликте бир канча жолу Айымгүлдүн үйүнө барып,мектепке чакырып түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.(2-сүрөт )Ошондой эле жогорудагы эки окуучу шаардык комиссияда да каралды. 8-б класс Кудайбергенова Тамаранын апасы менен





2-сүрөт  Мурзакулова А. Алдын алуу кенеши менен биргеликте



**6.Биргелишкен рейддер**

| № | Аталышы | Рейддин саны | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Салам мекмеп ! Айбек базары | 1 | Сентябрь | И.Д.Н.Социалдык коргоо бөлүмү.<br>Соц педагог |
| 2 | Оор жумушка кабылган окуучуларды аныктоо (Шаар ичиндеги көчөлөр) | 1 | Январь | И.Д.Н. Соц пед<br>Класс жетекчилер |
| 3 | Мектепке  тартылбаган окуучуларды аныктоо (көчөлөр) | 1 | Март | Мугалимдер<br>Соц педагог |
| 4 | Сабакка барбай жүргөн окуучуларды аныктоо | 1 | Чейрек ичинде | ИДН.  Соц педагог |

2021-жылдын 21-сентябрында «Айбек» базарында «Салам мектеп !» аттуу рейд өткөрөлгөн учурунда катталган окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Окуучуларга сабак учурунда мектепке барып окуп билим алуу керек экендиги түшүндүрүлдү. Ошондой эле ,кийим-кечеге , окуу куралдарын сатып аламын деп базарга келген окуучуларга дем алыш күндөрү келүүсү сунушталды.
**Оор жумушка кабылган балдарды аныктоо максатында:** Соц педагог ,класс жетекчилер биргеликте Январский жана Дворец аймактарындагы иш кана компютер клуб,ашканаларга рейд өткөрүлдү.Машина жуучу жайларга ,ашканаларга ,АКВА кичи ишканасына ,дүкөндөргө рейд жүргүзүлдү бирок оор жумушта эмгектенип жаткан окуучу балдар жоктугу аныкталды.

**Сабакка барбай жүргөн окуучуларды аныктоо максатында «Айбек»** базрындагы азык -түлүк сатуучу дүкөндөр ,тамактануучу жайлар ,телефон саткан жерлер текшерилди. Ээлери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,жашы жетелек балдарды окуу учурунда ар түрдүү иштерге тартуу туура эместиги жөнүндө эскертилди. Рейд учурунда сабакка барбай жүргөн окуучулар катталган жок.




**7.Анкеталык сурамжылоо багыты.**

Атайын мектеп рекетчилигин алдын алуу максатында “Сенин жашооң кандай болуп жатат?” деген 5-6-7 класстар арасында анкеталык сурамжылоо жүргүзүлдү. 8-9-класстар арасында “Зордук-зомбудук деген эмне” аттуу анкеталык сурамжылоо жүргүзүлдү.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | 25.09.2021 | | Билет | Билбейт | түшүндүрүлдү | Бар | Жок | Билбейм | билет | Билбейт | Түшүндүрүлдү |
| | «Биздин мектепте рекет окуучу барбы?» | -5-класс 62 окуучу | 62 | | | | 45 | 17 | 56 | 6 | 6 |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 6-класс 60окуучу | 60 | | | | 60 | | 60 | | |
| | | 7-класс 30окуучу | 30 | | | | 30 | | 30 | | |
| | ***Жыйынтык*** | ***152*** | ***152*** | | | | ***135*** | ***17*** | ***146*** | ***6*** | ***6*** |
| 2 | 16.10.2021 | | Билет | Билбейт | түшүндүрүлдү | Бар | Жок | Билбейм | билет | Билбей | Түшүндүрүлдү |
| | «Зордук-зомбулук деген эмне?» | -8-класс 62 окуучу | 62 | | | | 45 | 17 | 56 | 6 | 6 |
| | | 9-класс 60окуучу | 60 | | | | 60 | | 60 | | |
| | ***Жыйынтык*** | ***122*** | ***122*** | | | | ***105*** | ***17*** | ***116*** | ***6*** | ***6*** |

| ***Темасы*** | ***Катышкан ата-эне*** | ***Сиз мектеп ишине канааттанасызбы*** | | ***Мектептеги мугалимдердин сабак өтүүсүнө канааттанасызбы?*** | | ***Мектептеги окуучулардын тартибине канааттанасызбы?*** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Мектептин жүргүзгөн ишине сиз кандай баа бересиз.*** | ***5-10класстырдын ата-энелерине 246*** | ***Ооба*** | ***Ж ок*** | ***Ооба*** | ***жок*** | ***Ооба*** | ***Жок*** |
| | | ***215*** | ***15*** | ***242*** | ***4*** | ***180*** | ***66*** |
| | ***Жыйынтык 246*** | | | | | | |

**Кызыл-Кыя шаарынын Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2021-2022 окуу жылындагы 24-ноябрдан 24-декабрга чейин Ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга ар тараптуу жардам жана колдоо көрсөтүү максатында өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча маалымат.**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинде да атайын 2021-2022-окуу жылында

3-декабрь мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды колдоо максатында атайын

26-ноябрьдан 2-декабрга чейин "Досума жардам" акциясы жүргүзүлдү.Акцияга мектеп окуучулары жана мугалимдери активдүү катышышты.Акциядан түшкөн каражаттар шаарыбыздагы " Луч"балдар борборуна жана мектеп ичиндеги эки ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга жакындан жардам көрсөтүлдү.

7-г классынын окуучусу Бурханов К менен 3-а классынын окуучусуна жана аз камсыз болгон үй- бүлөнүн 3 окуучусуна колдоо көрсөтүлдү.

1.3-а классынын окуусучу Рахманалиев А

2.2-а классынын окуучусу Мадалиева Айсезим

3.8-б классынын окуучусу Кудайбергенова Тамара берилди.

| № | Социалдык колдоо көрсөтүү | Өткөрүлгөн иш чаралар | Чыгымдар |
|---|---|---|---|
| 1. | Атайын иш план түзүлдү,бекитилди. | 26-ноябрьдан 1-декабрга чейин "Досума жардам " мектеп ичинде акция жүргүзүлдү | 1шт спортивка ,6 шт куртка,100шт дептер,5шт шабка,кыздардын 4шт жынса шымы,наски 14шт,майка 2шт,сумка 1 шт,ркучка 84шт,2шт бут кийим,кофта 4шт,балдардын кофтасы 2 шт. 1шт балдардын курткасы,33шт простой карандаш,маска 10 шт,халат 2шт.самын 4шт,чоң дептер 20 шт,3шт түстүү карандаш,жоолук 2шт, жана ар түрдүү кийим кечелер чогулду. 2500 акча. |
| 2. | Мектеп ичинде каттоодо турган мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга жакындан колдоо көрсотүлдү. | | |
| 2 | Мерия тарабынан №6 орто мектебине Тажибаева Лолахан Октябрская 223 үйүндө жашаган эжеге жакындан жардам | | 1000 сомдук тамак аш каражат берилди. |

көрсөтүлдү.

Жалпы чогулган каражаттын суммасы 5000сомду түздү.





Жыл ичинде окуучуларга кылмыштуулук,зордук-зомбулук,рекетчилик,чылым чегүү,насвай чегүү ,эрте никеге туруунун алдын алуу жана болдурбоо иштерин күчөтүү менен иш алып барууну алдыга план кылдык.Ошондой эле окуучулардын милдеттери жана укуктары жөнүндө кеңири маалыматтарды беребиз. Мектеп окуучулар арасындагы үстөмдүк кылууну ,акча чогултууну болтурбоо жана алдын алуу иштерин жүргүзүү боюнча 5-11-класска чейинки окуучулардан анкеталар алынды. Алынган анкеталарга түшүнбөгөн окуучулар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

**8 .Ишеним кутуча**

Зордук -зомбулуктун ,рекетчиликтин ,жемкорлуктун алдын алуу максатында мектеп администрациясы тарабынан ишеним кутусу уюштурулган, ишеним кутусу ар жума сайын ачылып турат .Ишеним кутусуна жооптуулар соц педагог Атаханова Ш, ата-энелер комитеити Беккелдиева Б коомдук кеңеш мүчөлөрү, класс жетекчилер өз убагында чечүүгө аракеттенишет. Окуучулар ата-энелер менен биргеликте түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,тиешелүү чара колдонулат. Ишеним кутуга жыл ичинде оор тартип бузган окуучулар жана мугалимдер үстүнөн каттар түшпөгөнү аныкталды.

**9. Мектеп ичиндеги жолугушуулар .**

| № | Аталышы | Мөөнөтү | Тастыктоо |
|---|---|---|---|
| 1 | И.Д.Н Кызматкерлери «Зордук | Сентябрь | №1 Сүрөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | зомбулуктун алдын» алуу боюнча | Октябрь | |
| 2 | Кызыл-Кыя Ш.И.И.Бнүн Ж.К.К.К.Б нүн кенже лейтенатты Рахман уулу Искендер « Жолдо жүрсөң абайла!» аттуу жол эрежеси боюнча түшүндүрдү | Сентябрь ноябрь | Сүрөт №2 |
| | СПИД менен күрөшүү күнүнө карата | Декабрь | Сүрөт №3 |
| 3 | Участкалык даарыгер Айдарова М.окуучуларга кеңири түшүндүрдү. | | |
| 5 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча<br>Кызыл-Кыя ШИИБнүн тергөө кызматынын улук тескөөчүсү милициясын лейтенанты Калматов .Т жана Эрматов М, Исманалиев А биргеликте чогулуш өткөрүлдү | Февраль | Протокол |
| 6 | Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун жана укук бузуучулуктун алдын алуу баюнча<br>ИДН кызматкерлери менен жолугушууда 9-11-класстардын окуучулары катышты | Апрель | Протокол |
| 7 | 9-май жеңиш күнүнө карата Ардагерлер менен жолугушуу | Май | Сүрөт №4 |

Зордук -зомбулуктун алдын алуу боюнча ИДН кызматкерлери жана мектеп жетекчилери биргеликте 8-11 класстар арасында жыйындар лекциялар өтүлдү.

Кызыл -Кыя ШИИБнүн ЖКККБнүн инспектор лейтенатты Рахман уулу Искендер «Жолдо жүрсөң абайла !» аттуу жол эрежелери боюнча 1-4класстарга жолдон кантип өтүүнү ошондой эле жол эрежелерин түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келүүдө.


Үй- бүлөлүк дарыгери Айдарова Макбуба Бүткүл дүйнөлөк СПИД менен күрөшүү күнүнө карата 9-10-11-класстарга лекция окуп тушүндүрүү иштерин жүргүздү.

1- декабрь СПИД күнүнө карата дубал газеталар чыгарылып , медайымдар Спид боюнча маалымат беришти.

Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча Кызыл-Кыя ШИИБнүн тергөө кызматынын укук тергөөчүсү улук лейтенанты Калматов Т.Э ошондой эле Эрматов М , Исманалиевдер биргеликте окуучуларга чыр-чатактардын, топтук мушташуулардын алдын алуу боюнча окуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.

9-май Жеңиш күнүнө карата 9- а жана 9 - б класс,10- а класстын окуучулары ардегерлер менен аңгемелешүү өткөрүп. Ардегерлерге берген суроолорунан жооп алышты .Ошондой эле алардын алган ар бир сыйлыктары жөнүндө толук маалымат алышты .Окуучулар ардагерлерди майрамы менен куттуктап, аларга белек беришти .

Идн менен февраль





Афган ардагерлери менен



**10 .Класстык сааттар**

| № | Темалары | Класс | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Жолдо жүрсөң абайла !»класстык саат | 1-4кл | сентябрь | Класс жетекчилер |
| 2 | «Рекетчиликтин алдын алуу» класстык саат | 5-7 | ноябрь | Соц педагог<br>Класс жетекчилер |
| 3 | «Тамеки тартуу өмүргө зыян » класстык саат | 8-11 | декабрь | Соц педагог<br>Класс жетекчилер |
| 4 | «Никатин жана тамеки» тарбиялык сааттар | 6-11 | январь | Соц педагог<br>Класс жетекчилер |
| 5 | «Мен мекенимдин коргоочусумун» тарбиялык сааттар | 7-11<br>2-11 | февраль | Соц педагог<br>Класс жетекчилер<br>Тарбия завуч |
| 6 | «Баарынын укугу бирдей»<br>тарбиялык сааттар | 2-11 | март | Соц педагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчилер |
| 7 | Жайкы каникул мезгилинде коопсуздук эрежелерди сактоо боюнча ( тарбиялык сааттар, аңгемелешүүлөр ,чогулуштар ) өткөрүү | 1-11 | Май | Класс жетекчилер<br>Соц педагог Тарбия завуч<br>ИДН кызматкери |
| 8 | 1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата «Бактылуу балалык » аттуу тарбиялык сааттар | 1-11 | июнь | Соц педагог<br>Класс жетекчилер |

Жолдо жүрүү эрежелери боюнча 1-4-класстын класс жетекчилери класстык сааттарды өткөрүштү аралдын ичинен 2-в классынын жетекчиси Осмонова Гүлдана, 4-а классынын класс жетекчиси Адылбекова Бактыгүл эң жакшы өтүштү. «Бүгүнкү кыз

эртеңги эне!» аттуу темада 8-11 класстын класс жетекчилери тарабынан тарбиялык сааттар өткөрүлүп, кыздардын жүрүм- турумун өзүн алып жүрүүсүн, өздүк гигиеналык тазалыктарын , улууларга кандай мамиледе болууну мисал катары айтып түшүндүрүү жүргүзүштү . Зордук- зомбулуктун, рекетчиликтин алдын алуу боюнча класс жетекчилер тарбиялык сааттарды өткөрүшүп анкеталык сурамжылоо жүргүзүштү.

Кайрымдуулук акцияга карата 1-11- класстардын класс жетекчилери «Боорукерликте жана мээримдүүлүктө жадырап тийген күндөй бол !» аттуу тарбиялык сааттарды өткөрүп, окуучуларга кайрымдуу,ыймандуулук сапаттар жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.

6-11-класстар арасында «Тамеки тартуу өмүргө зыян», «Никатин жана тамекисиз » аттуу темада тартиялык сааттар өткөрүлдү. 9-11-класстын окуучуларынан « Тамеки кандай зыян экенин билесиңби?»- аттуу анкеталар алынды.Мектеп ичинде дубал газеталар, көрнөк- жарнактар илинди . Соц педагог ,тарбия завуч биргеликте мектеп айланасындагы дүкөндөргө «Тамеки өмүргө зыян» аттуу рейддер өткөрүлдү .

Жайкы каникул убагында коопсуздук эрежелерди сактоо боюнча 1-11-класстар арасында тарбиялык сааттар өткөрүлдү, ата-энелерге атайн эскертүүлөр жөнөтүлдү түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.


2022- жылдын 1-июнунда « Эл аралык балдарды коргоо» күнүнө карата окуучулар шаардын мэриясы тарабынан уюштурулган мектеп окуучулары арасында «Туура тамактануу ден соолуктун ачкычы !» аттуу асфальтка сүрөт тартуу сынагына 5-7-класстын окуучулары катышып акчалай сыйлак алышты.

**11 .Семинар**

| № | Темалары | Кимге өтүлдү | Мөөнөтү | Өтүлгөн жери |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тамеки чегүү,нас,наркомания нын алдын алуу максатында «Туура тамактануу» | Ата-эне | Январь | №6 мектеби |
| 2 | Зордук-зомбулукту алдын алуу максатында эне,бала,мугалим ортосундагы «Эне кымбат,эне ыйык баарынан» тегерек стол | Ата-эне | Март | №6 мектеби |
| 3 | | | | |









**12. Кыздар кеңеши.**


Мектеп ичинде кыздар кеңешинин планы түзүлүп, бекитилди. Иш пландын негизинде иш-чаралар аткарылды. Кыздар кеңешинин жетекчиси Дүйшөева Гүлпери эжеке мектеп кыздары менен окуу жылында иш алып барды.

2021-2022-окуу жылында окуучулардын жалпы саны : 876.такталып, алардын ичинен 444 окуучу кыздар экени аныкталды.Окуу жылынын башында ар бир класстан кыздар кеңеши шайланды .

Октябрь айында «Кыз бар үйдө кыл жатпайт»- аттуу темада тарбиялык сааттар жана аңгемелешүү болуп өттү.Аңгемелешүү учурунда кыздарды тазалыкы, сарамжалдулукту тыкандыкты,ден соолук сакчысы катары улуу муундар сыпаттап келишет.

Ноябрь айында 8-11 класстар арасында «Кыздарга арналган учкул сөздөр менен Кыздар кеңешинин төрайымы Дүйшөева Гүлпери эжеке кыздарга арналган

учкул сөздөрдүн маани маңызын түшүндүрүп берди.





Декабрь айында 9-11-класстар арасында кыздар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан «Жакшы кыз жакадагы кундуз»- аттуу жыйналыш өткөрүлдү.Жыйналыштын максаты; кыздардын мектеп ичиндеги тартиби ,кыздар өзүн алып жүрүүсү,өздүк-гигиенасы боюнча маалыматтарга ээ болушту . Ар жума сайын кыздар кеңешинин төрайымы, класс жетекчилер тарабынан кыздарга гигиеналык текшерүүлөр өткөрүлдү..

Январь кыргыз элинде «Кызга кырк үйдөн тыюу», – деп аталгандай мектеп ичинде кыздар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан аңгемелешүү болду. Кыздар кеңешинин мүчөсү Умаралиева Түрсүнкан кыздар мурун кандай болгондугун,азыркы учурда кандай кыздар тарбияланып жаткандыгы туурасында өз оюн айтты. Ал өз сөзүндө мурунку убактардагы кыздарга болгон сый- урмат жөнүндө айымдардын арасынан чыккан акылман Курманжан,Айчүрөк,Канекей сыяктуу кыздарыбыз бүгүнкү күнгө чейин тарыхтан өз ордун жоготпой келгенин баса белгиледи. Мектеп соцпедагогу Атаханова Ш.Б кыздардын жүрү- , турумдары, кийим кийүү адеби,сырткы келбетин тыкандыгын жана баалуу зер буюмдарды тагынуу адеби туурасында түшүндүрүү иштери жүргүздү .Ошондой эле

коомдо болуп жаткан терс көрүнүштөрдөн оолак болуу максатында сүйлөө адеби ,улуу – кичүүлөргө карата мамиле коопсуздукту сактоо туурасында маалыматтарды айтты. Мектептеги насаатчы мугалимдер, соц .педагог, тарбиялык завуч, кыздар кийим тигүүнү, тамак жасаганды, жакшы өздөштүрүп, мектептеги маданий иштерге активдүү катышышып, мекенине пайдасын тийгизип, татыктуу билим алып өздөрүн эң сонун алып жүрүшсө болорун айтышты.

Март айында « Эрте жашта турмуш куруунун кесепети »- деген темада 9-11 класстарга тегерек үстөл болду.Мектептин соц.педагогу Атаханова Ш.Тарбия завучу кыздарга эрте турмуш курган кыздар эмнени билүү зарыл, эмне кылуу керектиги,жөнүндө айтышты.

Эрте турмушка чыккан өспүрүм кыздар төмөнкү коркунучтарга дуушар болоорун эскертишти.

-Ден соолугунан, - Билим алуудан, - Бакубат жашоодон, -Тандоо мүмкүнчүлүгүнөн,

-Зомбулуктан сырткары жашоодон .

**13.Суициддин алдын алуу**

Сентябрь айынан башынан эле мектеп администрациясы тарабынан суициддин алдын алуу баюнча окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп келе жатат.

7-11-класстар арасында суициддин алдын алуу боюнча «Биз келечек муундарыбыз »аттуу темада тарбиялык завуч Бекенова Г. соц педагог Атаханова Ш тарабынан видео тасмаларды көрсөтүү аркылуу аңгемелешүүлөр өткөрүлүп турду .

Максаты жаш өспүрүмдөр арасында суициддин алдын алуу жана болтурбоо максатында окуучуларга жашоону сүйүүнү жана анын кадырына жетүү боюнча маалымат берди. Андан сышкары мектептин И.Д.Н кызматкери тарабынан жекече балдар менен маектешүүлөр өткөрүлүп келди..Ай сайын кыздар жана балдар менен насаатчы мугалим Умаралиева Турсункан жана алдын алуу кеңеши менен биргеликте чогулуштар өткөрүлүп,

суициддин алдын алуу боюнча 6-11класстар арасында «Мен жакындарыма ишенем » аттуу темада класстык тарбиялык сааттар жана класс жетекчилер тарабынан аңгемелешүүлөр маектешүүлөр өткөрүлдү. Суициддин алдын алуу боюнча мектеп арасында «Кыялымдагы Кыргызстан » деген темада сүрөт сынагы өткөрүлдү.Мындай иш чаралардын максаты: Окуучуларды Ата Мекенди сүйүүгө ынтымактуулукка, адептүүлүккө, биримдүүлүккө, достукка үйрөтүү,тарбиялоо. Сүрөт конкурсун сүрөт мугалими Дадабаева Саера жетектеди.

**14.Рэкетчиликтин алдын алуу**

Мектеп арасында рекетчиликтин алдын алуу максатында жашыруун анкеталык

Сурамжылоо алынды.Алынган анкетанын жыйынтыгынын пайдалуу жактары болду.Атап айтсак,бул өткөрүлгөн жашыруун анкетанын негизинде тарбиясы оор балдар аныкталды. Мектеп жетекчилери жана ата-энелер менен биргеликте тарбиясы оор балдарды ар дайым көзөмөлгө алуу,ошондой эле ата-энелер да күндө өз балдарын текшерип ,көзөмөлгө алууга,класс жетекчи менен да ар дайым байланышта болууга убадаларын беришти.Мектеп администрациясы жана ата-энелер менен биргеликте мындан ары да бул окуучуларды ар дайым көзөмөлдөөгө мындай иштерди болтурбоонун алдын алды. Ата-энелер да ар дайым, балдарын текшерип турууга ,класс жетекчилери менен тыгыз

байланышта болууга убадаларын беришти . Ар бир класс жетекчи класстык сааттарды өтүп .Зордук-зомбулуктун ,рэкетчиликтин алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүштү.Анда окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша «Рэкет деген эмне ?», Рэкет деген-талап тоноо, бирөөнүн мүлкүнө кол салуу ошондой эле «Рекетчиликке жол бербейбиз?» жана башка ушул сыяктуу ар кандай темаларда класстык сааттар өтүлдү. Эгерде бирин -бири опузалоо, маскаралоо же салык салуу бири-бирине үстөмдүк кылуу сыяктуу көрүнүштөр мектеп ичинде байкалса,же боло турган болсо сөзсүз өз убагында тийиштүү жерлерге кайрылуу керектиги жөнүндө айтылды.

**15. Жайкы каникул убагында**

Окуу мезгили аяктап , жайкы эс алуу убагы да башталып,ар бир класс жетекчи өз окуучуларынын ата- энелери менен каникул башталганга чейин ата –энелер чогулушун өткөрүп. Окуучуларды каникул учурунда сууга сүзгөндө, эс алуу жайларга барса, талаа жумуштарына жардам берсе жана башка ушундай сыяктуу жактарга коопсуздуктун алдын алуу максатында Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы жайкы каникул жана мектепти 8-июнь акыркы коңгуроо күнү окуучулардын коопсуздугун алдын алуу максатында эскертүү берилди.Мектеп админинстрациясы ата-энелерге жана окуучуларга төмөнкүдөй эскертүү менен тааныштырды.

Урматтуу окуучу жаз мезгили эс алууга ыңгайлуу болгондуктан, баарыңар ар түрдүү жактарга барып,эс алууну жактырасыңар.Бирок техникалык коопсуздук жана кылмыштуулукту болдурбоо максатында мектеп админисстрациясы төмөнкүлөргө тыйуу салат.

1.Мектеп учурунда жана жайкы каникул мезгилинде класс менен же чогулуп ар кандай эс алуу жайларга ( Чайхана,кафе,парк, тоо.ж.б ) барууга тыйуу салынгандыгын эскертет.

2.Техникалык транспортту жашың жете элек болгондо айдоого тыйуу салынгандыгын эскертет.

3.Түнкүсүн үйлөрдө олтуруш өткөрүүгө тыйуу салынгандыгын эскертет.

4.Акыркы коңгуроо аземи күнү ар кандай спирттик кошулмасы бар ичимдиктерди жана нас,тамеки чегүүгө тыйуу салынгандыгын эскертет.

5.Жашы жете элек өспүрүмдөргө (тамеки,нас,энергетик,ж.б спирттик кошулмасы бар) ичимдиктерди жайкы каникул жана мектеп учурунда ичүүгө тыйуу салынгандыгын эскертет.

6.Жай мезгилинде чоңдордун көзөмөлүсүз сууга түшүүгө тыйуу салынгандыгын эскертет.

Ар бир адамдын ден соолугу жана өмүрүн көздүн карегиндей сактайлы!

Эскертүү менен таанышуу жөнүндө

Окуучуларды каникул учурунда сууга сүзгөндө, эс алуу жайларга барса, талаа жумуштарына жардам берсе жана башка ушундай сыяктуу жактарга коопсуздуктун алдын алуу,кырсыкка учурабоо үчүн ата-эне балдары менен дайыма бирге болуусу зарыл экендиги жөнүндө атайын эскертүүлөрдү жазып,ар бир класс жетекчи ата-энелерге кол койдуруп алышты. Жайкы каникулда балдарды туура багытта тарбиялоо жана алардын ден соолугун чыңдоо.

Ошондой эле ИДН кызматкерлери да келип жайкы каникул учурунда техникалык коопсуздук жөнүндө окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.



Келерки жаңы окуу жылында өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук ,зордук-зомбулук,рекетчиликтин алдын алуу максатын ата-энелер менен тыгыз байланышта болууну күчөтүп иш алып барууну алдыга планга койдук.

**Мектеп директору:** **Д.Т.Сарытаева**

**Соц.педагог:** **Ш.Б.Атаханова**